2020-жыл 15-январь
№3 педкеңеште бекитилди.
Буйрук №38
2020-жыл 16 -январь

Бекитемин
Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору
Сарытаева Д.Т.

# Кызыл- Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин билим берүүнүн сапатын баалоо системасы жөнүндө жобо

## 1.Жалпы жобо

1.1.Ушул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү”мыйзамына ылайык Токтогул атындагы № 6 орто мектебинин уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2.Жобо мектептин педогогикалык кеңешинде бекитилет.Педогогикалык кеңеш өзүнүн кошумчаларын жана өзгөртүүлөрүн киргизе алат.

1.3.Жобо окуучулардын жетишкендиктерин баалоого талаптарды,ортоңку жана жылдык текшерүүнүн мезгилин аныктайт.

1.4.Жобо мугалимдерге жана окуучуларга милдеттүү түрдө керек.

1.5.Жободо төмөнкү аныктоолор пайдаланылган

Баа-бул баалоо процессинин жыйынтыгы, окуучулардын жетишкендиктерин сан жана билим менен көрсөтүү.

Окуудагы жетишкендиктерди баалоо- планда көрсөтүлгөн максаттарды реалдуу жетишкен жыйынтыктарга төп келүүнүн деңгээли.

Жетишүүнүн кезектеги күндөлүк текшерүүсү – бул окуучулардын үзгүлтүксүз билимин текшерүү,окуу программасына жараша мугалим аркылуу күнүмдүк сабактарда өткөрүүлүчү текшерүү жана мезгил-мезгили менен окуучуларды текшерүү.

Тема же бөлүмдү бүткөндөн кийин окуучулардын окуу материалын кабыл алуусунун деңгээлин аныктоо.

Билимдердин баштапкы текшерүүсү- жаңы окуу жылынын башында өткөн окуу жылындагы окуучулардын билиминин эсинде калуусун текшерүү.

Жарым жылдык текшерүү- жарым жылдагы окуучулардын билим деңгээлин текшерүү;

Бир жылдык текшерүү-мамлекеттик стандартка ылайык бир жылдын ичинде 1-2 окуу дисциплинасы боюнча окуучунун жетишкендиктерин, кабыл алуусун текшерүү.

## Жободогу баалоо системасын иштеп чыгуунун максаттары:

2.1.**Максаты:** бааларды коюуга жана баалоого бирдиктүү талаптарды коюу менен бирдикте билим берүүнүн сапатын көтөрүү

2.2.**Милдеттери:**

- базистик окуу планын жана варианттуу бөлүгү боюнча окулган предметтердин денгээли, мамлекетик стандарттын талаптарына туура келүүсү;

- айрым предметтер боюнча окуу программалардын жана календардык пландардын аткарылышын текшерүү;

- окуучулар менен жекече билим берүү жолун тандоого өзүн-өзү баалоо, жардам арттыруу

**Баалоо системасынын негизги бөлүктөрү**

3.1. Баалоо - бул алган жыйынтык менен пландалган максаттардын дал келүү процесси. Баалоо системасы окуучунун кабыл алуу деңгээлин, өсүүсүн текшерүү керек.Окуучу өзүн-өзү баалоодо колдоо, мактоо, өнүгүү механизми иштелиши керек. Окуучу - мугалим деген байланыш баалоонун негизи.

3.2. Мектептеги баалоонун максаты:

1. Билим берүү ишмердүүлүгүнө диагнос жүргүзүү:

2. Баа-бул ата-эне окуучу мугалимди бир-бирине байлаган звено

3.3. Мектепте баа коюунун принциптери:

1. Обьективдүүлүк жана калыс,адилеттүүлүк окуучулардын билимин баалоо үчүн бирдиктүү критерийлери.

2. Окуучулардын жеке жана курагына жараша баалоо

3. Ачык айтуу- бул окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгү, анализ жүргүзүү жана ошого жараша жыйынтык чыгаруу

Баа коюунун критерийлери.

3.4 1.Баалоонун критерийлери-билимдин деңгээлин аныктоонун негизи болуп эсептелет.

-толук жана туура-бул туура жооп:

-туура, бирок толук эмес жооп:

-туура эмес жооп:

-жооп жок:

2.Баа коердо каталардын саны жана түрү эске алынат

-орой каталар:

-окшош каталар:

-орой эмес каталар:

3.5. Баалоо шкаласы

1. ”5”- эң жакшы,

”4”-жакшы,

“3”-канаатандырарлык

“2”-канаатандырарлык эмес

2. ”5” деген бааны окуучу жазуу, оозеки практикалык ишти толук көлөмдө, окуу программасына ылайык аткарса, 90-100% айтып берсе ,эрежелерди пайдалана алат,аныктап бере алат, практика жүзүндө көрсөтүп бере алат, өзүнүн оюн ачык үйбөй текст түзүп жеткире алат, эгерде 1 ката жетишпегендик болсо уруксат.

3. ”4” деген бааны окуучу жазуу оозеки практикалык иштеринин жыйынтыктары 70-90% аткарылса,туура бирок толук эмес жооп берсе:

4. ”3” деген бааны окуучу окуу программасынын талаптарына жооп берет негизи менен бирок бир нече орой каталар кетирсе.50-70% толук эмес бирок туура жооп берсе.Жообу терең эмес,мисал келтире албайт,өзүнүн оюн терең айтып бере албайт.

5. ”2” деген баа коюлат,эгер окуучу олуттуу жана орой ката кетирсе,билим деңгээли 20-50% тузот.

3.6. Билимдерди баалоо коюу менен баалар бөлүнөт.

1. 1-класстын окуучулары бааланбайт.

2. Күнүмдүк баалоо- күндөлүк жана журналга 2-11-класстарда жыл ичинде коюлат.

3. Чейректик - журналга,күндөлүккө бир чейректе бир коюлат.Бул чейректин ичинде алган баалардын жыйынтыгы;

4. Жылдык- чейректик баалардын жыйынтыгы

4. Текшерүүнүн формалары

4.1. Киришүү контролу, күнүмдүк, убакыт менен, жарым жылдык жана жылдык, жыйынтыктоо аттестациясы.

4.2. Окуу программасына ылайык окуучулардын билимин бир окуу жылынын ичинде мугалим аркылуу күнүмдүк текшерүү жүргүзүлөт.

4.3. Медициналык справка боюнча дене тарбия сабагынан “бошотулган”деген жазуу болуш керек. Бул окуучуларга теория боюнча билимин баалап баа коюлат.

4.4. Эгер окуучу окуу убактысынан 30% кем эмес убакыт калтырса “аттестацияланган эмес” деген жазуу жүргүзүлөт.

Жарым жылдын ичинде окуучу окутулган күндөрдүн 30% чейин калтырса,ата-энелердин арызы, директордун макулдугу боюнча эки баасы болсо,баа коюлат.

4.5. Калтырган окуу материалынын окуучу тарабынан окуп чыгуу жагы ата-энелерге, окуучуга милдеттендирилет.

4.6. Окуу жылынын аягында жылдык жыйынтыктоо баалары бардык предметтер боюнча коюлат.

4.7. Эгер окуучу окуу жылынын аягында аттестацияланган эмес же бир предметтен “2” деген жазуу болсо, анда ошол предметтен кайра көчүрүү экзаменин тапшырат.

Окуучу мугалимден тапшырма жана консультатция алып турат.Жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлөт.Экзамендин жыйынтыгына протокол түзүлөт.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ Токтогул атындагы №6 орто мектеби** | | **МИНИСЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ Средняя школа №6 им.Токтогула** |

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы педагогикалык кеңешинин № 3 протоколу**

**15.01.2020-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Төрайымы: Сарытаева Д.Т.**

**Катчы: Кадырова Н.**

**Катышкан мугалимдердин саны: 36**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**2. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин билим берүүнүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобо менен таанышуу**

**Угулду:**

**3- маселе** боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Разакова Н.Н. билдирүү жасады: Билим берүунүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобо КРнын “Билим берүү мыйзамына” ылайык жана мектептин уставынын негизинде иштелип чыкты. Жобо педагогикалык кеңеште каралып, өзүнүн кошумчаларын киргизүү менен бекитилет. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күн сайын, чейректик, жылдык болуп коюлат. Жобо мугалимдерге жана окуучуларга милдеттүү түрдө керек. Баа- бул окуучулардын жетишкендиктерин, окуу процессинин жыйынтыгын сан жана билим менен көрсөтүү. Окуудагы жетишкендиктерди баалоо – планда көрсөтүлгөн максаттарды реалдуу жетишкен жыйынтыктарга төп келүү деңгээли. Мугалимдер окуучулардын билимин баалоо үчүн Жобонун максатын, милдетин, баалоо критерийлерин билүүсү зарыл ( слайд аркылуу тааныштырылды).

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

1.Биология мугалими Мурзабекова Ы. Билим берүунүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобо менен жакындан таанышуу дагы бир жолу окуучулардын билим сапатын баалоодо көп маалыматтарга ээ болдук. Көп учурларда орто окуган жана өздөштүрүүсү

начарыраак болгон окуучулардын билимин туура баалоо кыйынчылыктарды жарататып келет. Жободон алган маалыматтар билим берүү процессинде баалоонун так,ачык жүргүзүлүшүнө жардам берет деп ойлоймун.

2. Мектеп директору Сарытаева Д.Т. сүйлөдү: Бугунку Жобо менен таанышууда биз дагы бир жолу билим берүүнүн сапатын баалоо максаты, милдети, ыкмалары, критерийлери менен тааныштык. Сабакта мугалим тарабынан окуучуга туура, айкын баалоо болбосо окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусу, билим сапаты да начарлайт. Ошондуктан мен сиздердин бүгүнкү Жободо алган маалыматтардын негизинде баалоону туура, ачык жүргүзүп, окуучулардын татыктуу билим алуусуна өбөлгө болосуздар деп ойлоймун.

**Жогорудагы 2- маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат:**

1. Мектептин билим берүүнүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобосу кабыл алынсын.

2. Мектепте билим берүүнүн сапатын баалоо Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.

Катчы: Кадырова Н.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№66/2 буйрук**

16.01.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин билим берүүнүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобо жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020- жылдын 15- январындагы № 3 педагогикалык кеңешинин 2 - чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин билим берүүнүн сапатын баалоо системасы жөнүндөгү Жобо менен бардык предметтик мугалимдер тааныштырылып чыксын.
2. Мектепте билим берүүнүн сапатын баалоо системасынын тартиби ушул Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Н.Разаковага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.